7. Бала бакчанын атайын каражатына ата-энелерден келип түшүүчүү акча каражаты 1 152,0 мин сом балдардын тамак аш чыгымдарына бекитилсин.

8. Кыргыз Республикасынын Окматуно караштуу ЖОБЭММАнын 2016-жылдын 12-октябрьдагы буйругунун негизинде айылдык кеңештин төрагасына бир жолку компенцация 10 сессияга 6500 сом, соц фондко 1121,25 чегерилип төлөнсүн.

9. Жаштар иштер боюнча адистин эмгек акысы адистин денгээлинде 1(бир)-штаттык бирдиги 5250 сомдук айлык акысы менен бекитилип берилсин. Ар кандай иш чараларга, баардык спорт оюндарына - 250,0 миң сом транспорттук чыгымдарына 50,0 мин сом акча каражаты бекитилсин.

10. Өзгөчө кырдаалдарга- 500,0 миң сом акча каражаты, ушул акча каражаттын ичинен күйүүчү май алууга бекитилсин. Каралган акча каражаты пайдаланбай калса башка беренелерге жумшалсын.

11. Жергиликтүү бюджетке 2022-жылы мергенчилерден келип түшкөн акча каражаты жана жайыт акылары жайыт комитетинин эсебине которулуп берилсин.

12. 2022-жылга Оргочор айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен каржылануучу иш чаралар:

12.1. Оргочор айылына жана Боз-Бешик айылдарынын курулуш иштерине ПСД жана башка кагаз иштерин жасатууга 1500,0 мин сом,
12.2. Жаны конуштарга электр чубалгыларын сатып жана орнотууга, суу түтүкчөлөрдү киргизүүгө 1600,0 мин сом,
12.3. Ички жолдорду, көпүрөөлөрдү сатып алуу жана ондоп түзөөгө 880,0 мин сом,
12.4. Стим Грант өздүк салымга Оргочор айылынын маданият үйүн капиталдык ремонтон өткөрүүгө 2300,0 мин сом,
12.5. Сугат суу ирригацияга 1200 мин сом.
12.6. Оргочор айылындагы спорт залын курууга өздүк салым 1 000,0 мин сом,
12.7. Боз-Бешик айылынын китепканасын капиталдык ремонттон өткөрүүгө 430,0 мин сом. Көл жээгин инфраструктурасын жакшыртууга 300 мин сом,
12.8. . Боз-Бешик айылынын мектебинин короосуна навес жасатууга 330,0 мин сом.
12.9. Жыл ичинде СОЦ майрамдар жана балдарды колдоого 455,0 мин сом жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилсин.

13. Кызматтык автоунаага АИ-92 күйүүчү май алууга ай сайын 240 литр жана автотетиктерди сатып алууга 222,8 мин сом, Кургак-Айрык айылындагы балдарды мектепке ташууга жана айыл өкмөтүнүн карамагындагы участкалык милиция кызматкерлеринин кызматтык автоунааларына, өзүнүн жеке автоунааларын кызмат учурунда пайдаланган айыл өкмөтүнүн жер адисине, салык инспекторлоруна кызматтык функционалдык милдеттерин өз денгээлде аткарууга көмөк көрсөтүү максатында, ВУС кызматкерине,3 айылдын айыл башчыларына айыл ичиндеги ички жумуштарга, ишенбиликке күйүүчү майга баардыгы бөлүнүп берилсин. 2022 жылга күйүүчү май сатып алуу чыгымдарын 2022-жылга каралган жергиликтүү бюжетинин чыгымдар бөлүгүнүн 70629 ЖКХ бөлүмү аркылуу жүргүзүү жагы айыл өкмотүнүн финансы экономика бөлүмүнө милдеттендирилсин.

14. 2022-жылдын бюджетинен мүмкүнчүлүгү чектелген өтө муктаж жарандарга отун, көмүрдөн жардам берүүгө 100,0 мин сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.